КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

27.05.24 № 154/6

Бишкек ш.
г. Бишкек

ИСИТО
КАНЦЕЛЯРИЯ
30 » 05 2024 г.
№ 01-12/54

## Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын курамдарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндөгү» Жобосуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндөгү" Жобосунун негизинде Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун 2024-жылдын 16-майындагы № 01-13/127 катына ылайык **буйрук кылам:**

I. Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун 2023-2024-окуу жылындагы жогорку кесиптик билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн аттестациялоо үчүн мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төмөнкү курамы бекитилсин:

**580200 "Менеджмент" боюнча:**

1. Рыскулов Самарбек Курманалиевич - э.и.к., М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин "Экономика жана тышкы экономикалык иш бөлүмү" кафедрасынын доценти, комиссиянын төрагасы.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

2. Садыкова Асель Рысбековна - э.и.к., Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун "Маалыматтык технологиялар, менеджмент жана укук" кафедрасынын доценти;
3. Чаргынова Асел Эзенбековна - Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун кесиптик колледждин ага окутуучусу.

II. Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун 2023-2024-окуу жылына кесиптик орто билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн аттестациялоо боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын төмөнкү курамдары бекитилсин:

- **060109 «Мед айым иши» боюнча:**

Акматова Гульнура Токтомамбетовна – Республикалык кан борборунун башкы медициналык айымы, комиссиянын төрайымы.

- **060108 «Фармация» боюнча:**

Табылдиева Чолпон Табылдиевна – И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын Дарылоо иши факультетинин деканынын орун басары, “Э.С. Матыев атындагы Фармацияны башкаруу жана экономикасы, дары каражаттарынын технологиясы” кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын төрайымы.

III. Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун жетекчиси жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аяктагандан кийин эки айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине өз убагында маалымкат берсин.

*Негизи: Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун 16-майындагы № 01-13/127 каты.*

**Министрдин орун басары** **Абдыбек уулу Расул**

Канцелярия

Тагы туурасы

Аныкт: